Буйрук № 609 / 1 17-сентябрь 2013-жыл

**«Билим берүү уюмунун камкорчулук кеңеши жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу»**

Кыргыз Республикасынын «Билимберүү жөнүндө» Мыйзамынын 43 жана 44-беренелерине ылайык, жалпы билим берүү уюмдарында бюджеттик каржылоону жана финансылык ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну жөнгө салуу максатында

## Буйрук кыламын:

1. Бишкек, Ош шаарларындагы билим берүү башкармалыктарынын, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн алдындагы жалпы билим берүүчү мекемелер үчүн иштелип чыккан камкорчулук кеңешинин Жобосу бекитилсин ( тиркеме тиркелет)

2. Бишкек, Ош шаарларындагы Билим берүү башкармалыктарынын башчыларына, областтык борбордун (координаторлору) мүдүрлөрүнө, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн башчыларына ушул Жобого ылайык 2013-жылдын 20-сентябрынан 30-сентябрына чейин уюштуруу жана анын отчёттуулук мөөнөтүн аныктоо менен бирге Билим берүү башкармалыктарынын, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрдүн астында Коомдук кеңештерин түзүү тапшырылсын.

3. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 44-беренесинин 1-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине ар бир квартал сайын мамлекеттик билим берүү уюмдарынын, бюджеттен тышкаркы каражаттарынын чыгымдалышы жөнүндө маалымат жөнөтүлсүн.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы министрдин орун басары Д.Кендирбаевага жүктөлсүн.

Министр К.Садыков

